УДК 81.367.625.5

Канаева В.Т., Ийсаева А.Ж.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# БАГЫНЫҢКЫ БАЯНДООЧТУК ВАЛЕНТТҮҮЛҮГҮНДӨГҮ БАЙЛАНЫШТЫРУУЧУ КАРАЖАТТАР.

*Макалада англис тилиндеги татаал багыныңкы баяндоочтук сүйлөмдөрдүн байланыш каражаттары, алардын колдонулушу жана жөнөкөй сүйлөмдөрдөн болгон айырмачылыктары баяндалат.*

Багыныңкы баяндоочтук сүйлөмдөр англис тилинде көп кездешет. Бирок багыныңкы баяндоочтук валенттүүлүгүн бардык эле байламта этиштер ишке ашыра албайт. Хорби (2) сөздүгүндө көрсөтүлгөн 21 этиш сөздү анализдөөдө татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө 5 этиш сөз: **be, feel, look, seem, sound** байланыштыргыч кызматын аткарат.

Экинчи жагынан алганда, жөнөкөй сүйлөмдөрдө байланыштыргыч кызматын этиштер аткара алгандыгы менен, мындай этиштер багыныңкы баяндоочтук сүйлөмдөрдө байланыштыргыч кызматы туруктуу эмес.

Атоочтук баяндоочтук мүчөлөрдүн багыныңкы сүйлөмдөрдөгү баяндоочтук байланыштыргыч этиштердин ордуна колдонуусу чектелүү. Мындай чектелүү багыныңкы сүйлөмдөрдүн башка айрым типтерине тиешелүү. Бул **be** жана **feel** лексемаларынан башка бардык этиштерге тиешелүү. **Be** этиши татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө (wh-, wh-, that-, clause) бардык баяндоочтук типтери менен айкалышат, (4) ал эми сын атооч менен айкалышуусун эсепке албаганда, **feel** этиши баяндоочтук байланыштыргыч кызматын аткаруусу жөнөкөй сүйлөмдөрдө колдонушу чектелүү.

**Feel, look, seem** этиштеринин баяндоочтук валенттүүлүгүнүн татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө жана жөнөкөй сүйлөмдөрдө колдонулушун салыштыралы:

| Жөнөкөй сүйлөм | Татаал багыныңкы сүйлөм |
|---|---|
| **LOOK**<br>Look+adj.<br>“You look smart, darling”.<br><br>Look+NP<br>“he looks the man I need”. | <br>Look+as+though+pr.<br>“The men there all looked as though they distrusted him”. |
| **FEEL**<br><br>Feel+adj.<br>“I always feel bad”. | <br><br>Feel+as+though+pr.<br>“I felt as though I’d been dropped in a jungle”.(9,75) |
| **SEEM**<br><br>Seem+adj.<br>“He seems quite young”.<br><br>Seem+NP<br>“He seemed a clever man”. | <br><br>Seem+that-clause<br>“...it seems that Mr.Faulkener got a letter from me”. |

Мисалга таянсак, баяндоочтук компонент байланыштыргыч этиш катары жөнөкөй сүйлөмдөрдө караганда, татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө чектелүү экени көрүнүп турат.

Бирок багыныңкы сүйлөмдөрдүн кандай гана түрү болбосун, алардын бардыгы бирдей мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ, жогорудагы мисалдарда көрсөтүлгөндөй, бардык татаал багыныңкы сүйлөмдөргө караганда жөнөкөй атоочтук баяндоочтук сүйлөмдөрдү салыштыруу конкреттүү.

Мисалы: a) “Randolph, I feel as though it was my birthday”.

b) “I feel hungry (miserable, low, and happy)”.

Татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө этиштердин баяндоочтук валенттүүлүк кызмат аткарышы сүйлөм ээсинин тандалышына таасир берет. Жөнөкөй сүйлөмдөгү **feel** этиши сын атооч менен айкалышып келип, жандуу жана жансыз заттарда субьектүү валенттүүлүк катары колдонулат, ал эми татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө сүйлөм ээси антропоним гана боло алат.

Салыштыралы: a) “I feel cold. Your hands feel cold”.

b) “However yesterday I did feel as though I were up to a short walk”.

Татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө **look** жана **sound** этиштери сүйлөм ээси антропоним болсо, айкаша алат. Ал эми сүйлөм ээси жансыз заттардан болсо, **it** ат атоочу менен айкашат.

Мисалы: “Yeh Link looked as though he knew something new…”.

“Oh, it looks as though it had been done in a fit of maniacal rage”.

**Be** этишинин валенттүүлүгүнүн колдонушу жогоруда аталган этиштерден бир кыйла өзгөчөлүү. Анткени бул этиш конкреттүү мааниге ээ болгон жалгыз лексема жана жогоруда аталган этиштердин субъективдүүлүк жана баяндоочтук милдеттери да өзгөчө.

**Be** этишинин бардык татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө колдонулушун эки группага бөлүп карасак болот. Биринчиси **be** этишин колдонулушунда сүйлөм ээси зат атооч болушу, экинчиси **be** этишинин колдонулушунда сүйлөм ээсинин ат атооч болушу.

Биринчи группага кире турган сүйлөм ээсинин милдетин абстракттуу зат атоочтор, өзгөчө, **thing, trouble, idea, question, opinion, result** ж.б. аткарат.

Мисалы: “And the queer thing is that the sketch I painted at the time has been tinged with the same atmosphere”.

“Her idea is only thoroughly undesirable maid will remainwith us”.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдөн айырмаланып, **be** этиши катышкан татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө абстракттуу зат атоочтордон тышкары конкреттүү зат атоочтор жана антропонимдер сүйлөм ээсинин милдетин аткарышы (**beer** зат атоочун эске албаганда) мүнөздүү эмес.

Мисалы:”Beer was what he drank there” .

Экинчи жагынан алганда, мисалдарга таянсак, **be** этиши **that-clause** түшүнүгүндөгү багыныңкы сүйлөмдөрдө (жөнөкөй сүйлөмдөгү сын атоочтор сыяктуу эле) сүйлөм ээсине толук жана кеңири мүнөздөмө берүү менен, маанисин ачып бере алат. **That-clause** баяндоочтук багыныңкы түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү менен, аппозивдүү атрибутикалык багыныңкы сүйлөмдөргө окшошот. Мындай өзгөрүү сүйлөм ээси ой пикирди билдире турган зат атоочтордон болгон учурда гана ишке ашат: **theory, idea, quess, hunch**, **opinion** жана уңгулары этиш сөздөрдөн түзүлгөн зат атоочтордо кездешет, мисалы: **explanation, statement.**

“Mrs.Tantall’s theory is that the nurse must have something suspicious in the daughter’s room…”=Mrs.Tantall has a theory that nurse must have heard something suspicious in the daughter’s room.

“My information is that he’s been moving away from us lately”.=I have information that he’s been moving away from us lately.

**Be** этиши менен катар келген сапаттык сын атоочтун функциясын аткарган **wh-ckause** тибиндеги багыныңкы баяндоочтук сүйлөмдөр эмфатикалык эмес татаал багыныңкы сүйлөмдүн составында кездешет: “…but the result was not what he had anticipated”- the result was unexpected.

Ошондой болсо дагы, берилген факты, материалдар чектелүү болгондуктан, жыйынтык чечим чыгарууга мүмкүн эмес.

Экинчи группадагы татаал багыныңкы, б.а., **wh-ckause** тибиндеги сүйлөмдөрдө **be**

этишинин сол позициясында ат атооч болушу шарт. Бирок берилген багыныңкы сүйлөмдө биринчи группага кирген татаал багыныңкы сүйлөмдүн составына кирген **wh-ckause**дан айырмаланып, **be** этиши атын атабастан, алардын ордун, убактысын, себебин, кубулушун билдирет.

"That's where I heard it first".

"So that's why I'm at Aunt Julia's,..".

"That's what he wants you to think".

Экинчи группадагы эмфатикалык татаал багыныңкы сүйлөмдөр баштапкы сүйлөмгө көз каранды. Баштапкы айтылган сүйлөм менен татаал багыныңкы сүйлөм ортосундагы байланыш баяндоочтук валенттүү **be** этишинин жардамы менен ишке ашат. Биз байкоо жүргүзүп жаткан татаал багыныңкы сүйлөмдөрдө **that** ат атоочу (**what**, **where, when, why.**) сөздөрү менен бирге келип, байланыштыргыч катары колдонот да, ошого жараша сүйлөмдө өзгөрүүлөр болот.

"I've just seen a ghost. That's what he said, my dear".=He said he had seen a ghost.

" …I heard it ring open a minute ago, that's why I came down here".= I came down here because I heard it ring.

Бирок сүйлөмдүн мындай курулушу оозеки сүйлөшүү кебинде чектелүү санда кездешет. Анткени **that** ат атоочунун татаал багыныңкы сүйлөмдө байланыштыргыч сөздүн кызматын аткарышы дайыма эле талап кылына бербейт. **That** ат атоочунун мааниси бизге мурунку контексттен гана чечмеленип, белгилүү болот, мисалы: "I can find out about that cottage back there. That's where the mystery centers", же айрым учурларда байкалбай да калат, мисалы: "Are finger-prints of no use to you? – Ah,-that's where she was a bit too artful for us. Did most of her work in rubber gloves… ".

Мына ошондуктан **be** этишинин баяндоочтук валенттүүлүгүнүн берилиши бир жактуу гана каралбастан, башка баяндоочтук байламта этиштерден айырмаланып, татаал багыныңкы сүйлөмдү, кийинки контекст менен ажырагыс байланышын камсыз кылат жана ансыз сүйлөм жыйынтыктуу ойду билдире албайт.

Экинчи жагынан алганда, (**that+be+WH-clause**) структурасындагы сүйлөмдө **be** этишинин грамматикалык формасы үчүнчү жак, жекелик санда келиши чектелүү.

Жогоруда саналып өткөн түзүлүштөрдөгү сүйлөмдөрдөн сырткары, **be** этишинин баяндоочтук валенттүүлүгүнүн татаал багыныңкы сүйлөмдө, **all** ат атоочу менен баш сүйлөмдүн сүйлөм ээси катары келген учурлары да кездешет.

"All I said is my name is valentine…"

Мисалдардан байкалгандай, **be** этишинин баяндоочтук валенттүүлүгүнүн мындай реализацияланышы **be** этиши үчүн мүнөздүү эмес.

Жыйынтыктап айтсак:

- жөнөкөй сүйлөмдөргө салыштырмалуу багыныңкы баяндоочтук сүйлөмдөрдө **be** этишинин байланыштыргыч кызматы азыраак.
- Көпчүлүк учурда баяндоочтук валенттүүлүктү **be** этиши ишке ашырыт.
- **be** этиши баяндоочтук валенттүүлүктө атоочтук сүйлөм мүчөлөрү менен бирге багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтук маанисин жогорулатат.
- багыныңкы сүйлөмдөр, өз кезегинде, үчүнчү жак жекелик санда турган сүйлөмдөгү баяндоочтун грамматикалык формасына да таасирин тийгизет.

**Адабияттар:**

1. Виноградов Т. Программа, понимающая естественный язык.. - М., 1976.
2. Muir J. A modern Approach to English Grammar. An Intrduction to systematic Grammar. – London, 1972.
3. Hornby A. Advanced Leaner's Dictionary of Current English. - London, 1976.
4. Макарова Л. Служебный характер глаголов непроцессуальной семантики в современном английском языке. //Вопросы грамматического строя германских и

романских языков. - Краснодар, 1973.

5. WH-clause-придаточные предложения, вводимые союзами и союзными словами. WH’-clause-придаточные с местоимениями who (ever) и what (в функции подлежащего). - Москва, 1979.